**Кыргыз тили дисциплинасынын улук окутуучусу А. Б. Маматованын эл аралык медицина факультетинин инл-26-25-тайпасына «Менин үй-бүлөм. Кимдин? Эмненин?» деген темада өтүлүүчү практикалык ачык сабагынын план-иштелмесине пикир**

Иштелме 2 саатка ылайыкташтырылып түзүлгөн. Мында сабактын максаты, жабдылышы, усулу, тиби, күтүлүүчү натыйжалар так, түшүнүктүү көрсөтүлгөн. Алгач студенттерге жагымдуу маанай тартуулоо максатында окутуучу студенттер менен биргеликте сабактагы иш аракеттин жагымдуу, иштиктүү болуусу үчүн “Белек берүү”муз жаргычын ойношот. Муз жаргычта ар бир студент өзүнүн ысымынын алгачкы тамгасы менен башталган белекти тайпалашына берет. Максаты: Студент берген, берилген белектин кыргызча аталышын үйрөнөт, сөздүк кору байыйт.

Берилген үй тапшырмага өздөрү түзүп келген үй-бүлө дарагы жана концептуалдык таблица менен презентациялашат жана тесттик вариантта “Аркан тартыш” оюну (https://janbolot.oshsu.kg/oiun/pro\) менен жооп беришет.Студенттер https://janbolot.oshsu.kg/st ссылканын жардамы менен 2 топкобөлүштүрүлөт.Студенттер түзүлгөн планга жараша иш аракетти жүргүзөт.

Жаңы тема: Менин үй-бүлөм. Кимдин? Эмненин? Текст таркатылып, жаңы сөздөр менен тааныштырылат. Үй-бүлө мүчөлөрү түстүү сүрөттөр менен интерактивдүү доска аркылуу көрсөтүлүп, таандык жак мүчөлөрүнүн колдонулушу түшүндүрүлөт. Таратмалар тапшырмасы менен билимдери бышыкталып, толуктоо иш аракети жүргүзүлөт. Окутуучу айтылган идеялар боюнча билимдерди жалпылаштырат. Студенттер кошумча ой пикирлерин билдиришет.Окутуучу кийинки сабакка тапшырманын мазмуну менен тааныштырып, аткаруунун методикалык талаптарын эскертет. Студенттер тапшырманы белгилешет. Критерийдин негизинде студенттердин билими бааланат.

Иштелменин жетишкен жактары: жаңы тема боюнча алынган тексттер түшүнүктүү, ырааттуу түрдө берилген. Ар бир иштин түрлөрү, үлгүлөрү так көрсөтүлгөн. Бышыктоо үчүн алынган тапшырмалардагы берилген суроолор да максаттуу. Тема жеткиликтүү түрдө бышыкталган. Үй тапшырмасы

Сканировано с CamScanner

Scanned with CamScanner

жогорку деңгээлде берилген. Бул студенттерден изденүүчүлүктү, тапкычтыкты, чыгармачылыкты талап кылат

Сунуштарым: 1. Студенттерге СӨЛИ үчүн тил жатыктыруу көнүгүүлөрү, тапшырмалары көбүрөөк берилсе...

Сын-пикирлерди эске алуу менен өндүрүшкө сунуштайм.

Окутуучунун ишине ийгилик каалап, өндүрүшкө сунуштайм

**Пикир жазган:** улук окутуучу **А. Б. Кенжебайова**

Сканировано с CamScanner

Scanned with CamScanner

**Кыргыз тили дисциплинасынын улук окутуучусу А. Б. Маматованын эл аралык медицина факультетинин инл-26-25-тайпасына «Менин үй-бүлөм. Кимдин? Эмненин?» деген темада өтүлүүчү практикалык ачык сабагынын план-иштелмесине пикир**

Иштелме 2 саатка ылайыкташтырылып түзүлгөн. Мында сабактын максаты, жабдылышы, усулу, тиби, күтүлүүчү натыйжалар так, түшүнүктүү көрсөтүлгөн. Алгач студенттерге жагымдуу маанай тартуулоо максатында окутуучу студенттер менен биргеликте сабактагы иш аракеттин жагымдуу, иштиктүү болуусу үчүн “Белек берүү”муз жаргычын ойношот. Муз жаргычта ар бир студент өзүнүн ысымынын алгачкы тамгасы менен башталган белекти тайпалашына берет. Максаты: Студент берген, берилген белектин кыргызча аталышын үйрөнөт, сөздүк кору байыйт.

Берилген үй тапшырмага өздөрү түзүп келген үй-бүлө дарагы жана концептуалдык таблица менен презентациялашат жана тесттик вариантта “Аркан тартыш” оюну (https://janbolot.oshsu.kg/oiun/pro\) менен жооп беришет.Студенттер https://janbolot.oshsu.kg/st ссылканын жардамы менен 2 топкобөлүштүрүлөт.Студенттер түзүлгөн планга жараша иш аракетти жүргүзөт.

Жаңы тема: Менин үй-бүлөм. Кимдин? Эмненин? Текст таркатылып, жаңы сөздөр менен тааныштырылат. Үй-бүлө мүчөлөрү түстүү сүрөттөр менен интерактивдүү доска аркылуу көрсөтүлүп, таандык жак мүчөлөрүнүн колдонулушу түшүндүрүлөт. Таратмалар тапшырмасы менен билимдери бышыкталып, толуктоо иш аракети жүргүзүлөт. Окутуучу айтылган идеялар боюнча билимдерди жалпылаштырат. Студенттер кошумча ой пикирлерин билдиришет.Окутуучу кийинки сабакка тапшырманын мазмуну менен тааныштырып, аткаруунун методикалык талаптарын эскертет. Студенттер тапшырманы белгилешет. Критерийдин негизинде студенттердин билими бааланат.

Иштелменин жетишкен жактары: жаңы тема боюнча алынган тексттер түшүнүктүү, ырааттуу түрдө берилген. Ар бир иштин түрлөрү, үлгүлөрү так көрсөтүлгөн. Бышыктоо үчүн алынган тапшырмалардагы берилген суроолор да максаттуу. Тема жеткиликтүү түрдө бышыкталган. Үй тапшырмасы

Сканировано с CamScanner

Scanned with CamScanner

жогорку деңгээлде берилген. Бул студенттерден изденүүчүлүктү, тапкычтыкты, чыгармачылыкты талап кылат

Сунуштарым: 1. Студенттерге СӨАИ үчүн тил жатыктыруу көнүгүүлөрү, тапшырмалары көбүрөөк берилсе...

Сын-пикирлерди эске алуу менен өндүрүшкө сунуштайм.

Окутуучунун ишине ийгилик каалап, өндүрүшкө сунуштайм

**Пикир жазган:** **доцент А. М. Жороева**

Сканировано с CamScanner

Scanned with CamScanner